Кыргыз Республикасынын
Судьялар кеңешинин
2017-жылдын 31-январындагы
чечими менен макулдашылган

Кыргыз Республикасынын
Жогорку сотунун
төрагасынын 2017-жылдын
31-январындагы №19 буйругу
менен бекитилген

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНА КАРАШТУУ СОТ АДИЛЕТТИГИНИН ЖОГОРКУ МЕКТЕБИ

**мамлекеттик мекемесинин**

# УСТАВЫ

## I. Жалпы жоболор

1.1. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектеби (мындан ары – Сот адилеттигинин жогорку мектеби) мамлекеттик мекеме болуп саналат, ал Кыргыз Республикасынын судьяларынын, соттордун аппараттарынын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин кызматкерлеринин (мындан ары – сот тутумунун кызматкерлери) квалификациясын жогорулатууну, судьялардын кызмат ордуна талапкерлерди окутууну ишке ашырат.

1.2. Сот адилеттигинин жогорку мектеби 2016-жылдын 5-августундагы № 165 “Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (“Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө”, “Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына), Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 8-августундагы № 147 “Кыргызстанда сот адилеттигин өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгынын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2014-жылдын 25-июнундагы № 4267-V токтому менен бекитилген “2014-2017-жылдарга Кыргыз Республикасынын сот тутумун өнүктүрүү” мамлекеттик максаттуу программасынын жана Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин (мындан ары – Судьялар кеңеши) 2017-жылдын 31-январындагы чечиминин негизинде Судьялардын окуу борборунун укук алуучусу жана институционалдык өнүгүүсү болуп саналат.

1.3. Сот адилеттигинин жогорку мектеби өзүнүн ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, “Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамын, “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, “Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын, ошондой эле соттук өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдерин, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун (мындан ары – Жогорку сот) төрагасынын буйруктарын жана ушул Уставды жетекчиликке алат.

1.4. Сот адилеттигинин жогорку мектебине жогорку кесиптик билим берүү жөнүндө мыйзамдар жайылтылбайт.

1.5. Сот адилеттигинин жогорку мектеби юридикалык жак болуп саналат, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин сүрөтү менен, мамлекеттик жана расмий тилдердеги өзүнүн аталышы менен мөөргө, өзүнүн ишин жүргүзүү үчүн зарыл болгон мөөрлөргө, бурч мөөрлөргө, бланктарга ээ. Сот адилеттигинин жогорку мектеби өз алдынча балансга, регионалдык казыначылык бөлүмдөрүндө белгиленген тартипте ачылган өздүк эсепке жана башка эсептерге, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык юридикалык жактын укуктарына, милдеттерине жана жоопкерчиликке ээ.

1.6. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин мамлекеттик тилдеги толук расмий аталышы – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун алдындагы Сот адилеттигинин жогорку мектеби мамлекеттик мекемеси.

Расмий тилдеги толук расмий аталышы – Государственное учреждение Высшая школа правосудия при Верховном суде Кыргызской Республики.

1.7. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин мамлекеттик жана расмий тилдердеги кыскартылган аталышы – Сот адилеттигинин жогорку мектеби жана Высшая школа правосудия.

1.8. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин жайгашкан жери: 720010, Бишкек шаары, Москва көчөсү, 201.

## II. Максаттары жана милдеттери

2.1. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин негизги максаты болуп Кыргыз Республикасынын судьяларынын, соттордун аппараттарынын жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу, судьялардын кызмат ордуна талапкерлерди окутуу саналат.

2.2. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин негизги милдеттери болуп саналат:

- судьялардын жана сот тутумунун кызматкерлеринин квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатуу;
- судьялардын кызмат ордуна талапкерлерди окутуу;
- сот адилеттигинин актуалдуу көйгөйлөрүн изилдөөнү жүргүзүү;
- уставдык ишмердикти натыйжалуу ишке ашыруу максатында билим берүү жана илим ишмердигин, ошондой эле материалдык-техникалык жана усулдук базаны өнүктүрүү.

## III. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин функциялары

3.1. Сот адилеттигинин жогорку мектеби алдыга коюлган милдеттерге жетишүү үчүн төмөнкү функцияларды аткарат:

- судьяларды жана сот тутумунун кызматкерлерин окутууну уюштуруу жана жүргүзүү;
- судьялардын кызмат ордуна талапкерлерди окутууну уюштуруу жана жүргүзүү;
- окуу программаларын, окуу-тематикалык пландарды, колдонмолорду жана усулдук материалдарды иштеп чыгуу;
- судьялардын жана сот тутумунун кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу стратегиясынын долбоорлорун иштеп чыгуу (кыска мөөнөттүү, орто мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү);
- иш процессинде иштелип чыккан окуу-усулдук материалдарды басып чыгаруу жана жарыялоо;
- окуу процессин камсыздоо жана Кыргыз Республикасынын судьяларын, анын ичинен кызматтан кеткен судьяларды, иштеп жаткан юристтерди, жогорку окуу жайлардын профессордук-окутуучу курамын жана башка адистерди дарсчы катарында тартуу;
- окуу процессинде судьяларды, сот тутумунун кызматкерлерин жана талапкерлерди маалыматтар жана материалдар менен камсыздоо;
- конференцияларды, анын ичинен соттук жана укуктук реформа жүргүзүү тармагында мыйзамдарды өркүндөтүү маселелери боюнча эл аралык, аналитикалык изилдөөлөрдү уюштуруу жана жүргүзүү;
- чет өлкөлөрдүн укуктук, илимий жана билим берүү мекемелери жана эл аралык уюмдар менен сот тутумунун кадрдык курамынын квалификациясын жогорулатуу тармагында алардын тажрыйбасын изилдөө жана колдонуу максатында кызматташууну ишке ашыруу;
- ресурстук борборду түзүү жана аны Сот адилеттигинин жогорку мектебине жүктөлгөн милдеттерди аткаруу үчүн зарыл юридикалык жана башка адабияттар менен дайыма толтуруу;
- басып чыгаруу ишмердигин жүргүзүү;

- судьялардын кызмат ордуна талапкерлерди окутуу жана судьялардын, сот тутумунун кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу маселелери боюнча билим берүү процессинин үзгүлтүксүздүгүн жана системалуулугун камсыздоо максатында мамлекеттик, муниципалдык, коомдук жана жеке мекемелер менен байланыш түзүү жана өнүктүрүү;

- сот-укуктук реформа тармагында эл аралык программаларга жана долбоорлорго катышуу;

- билим берүү процессинин тутумун өркүндөтүү, ага жаңы билим берүү жана маалыматтык технологияларды киргизүү, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин материалдык-техникалык базасын өркүндөтүү;

- Сот адилеттигинин жогорку мектебине жүктөлгөн максаттарга жана милдеттерге жетишүү үчүн зарыл болгон башка функцияларды аткаруу.

## IV. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин укуктары жана милдеттери

4.1. Сот адилеттигинин жогорку мектеби өзүнүн компетенциясынын чегинде төмөнкү укуктарга ээ:

- судьялардын, сот тутумунун кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатууга, ошондой эле жергиликтүү соттордун судьяларынын кызмат ордуна талапкерлерди окутууга;

- мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, мамлекеттик, муниципалдык, коомдук, жеке мекемелерден, уюмдардан жана ишканалардан, алардын кызмат адамдарынан Сот адилеттигинин жогорку мектебинин милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон документтерди жана материалдарды белгиленген тартипте суроого жана алууга;

- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин милдеттерин аткаруу үчүн зарылдыгына карата мыйзам долбоордук, эксперттик, изилдөө иштерин аткаруу, кеңеш берүү үчүн илимий уюмдарды, мамлекеттик жана башка органдардын, мекемелердин жана уюмдардын кызматкерлерин, дарсчыларды жана башка адистер менен эксперттерди белгиленген тартипте тартууга;

- Жогорку соттун төрагасынын макулдугу боюнча Сот адилеттигинин жогорку мектебинин ишин жакшыртуу, эмгек акы төлөө шарттары, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматкерлерин материалдык жана социалдык камсыздоо жөнүндө сунуштарды Судьялардын кеңешине киргизүүгө.

4.2. Сот адилеттигинин жогорку мектеби төмөнкүлөргө милдеттүү:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставга ылайык өзүнүн ишин жүргүзүүгө;

- Жогорку соттун жана жергиликтүү соттордун, соттук өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик жана башка бийлик органдарынын суроо-талабы боюнча Сот адилеттигинин жогорку мектебинин компетенциясына кирген маалыматтарды мыйзам менен белгиленген тартипте берүүгө;

- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин иши жөнүндө отчетту Судьялардын кеңешинин жана Жогорку соттун кароосуна берүүгө.

## V. Окуу ишмердигин уюштуруу

5.1. Судьялардын жана сот тутумунун кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу үзгүлтүксүз жана милдеттүү мүнөзгө ээ жана Судьялардын жана сот тутумунун кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу тартиби жөнүндө жобонун негизинде жүргүзүлөт.

5.2. Судьялардын укук колдонуу ишмердигинин актуалдуу маселелерин камтыган атайын тематикалык программалар боюнча судьяларды жана сот тутумунун кызматкерлерин окутуу окуу пландарына ылайык жүргүзүлөт.

5.3. Өткөрүлгөн окуунун жыйынтыгы боюнча Сот адилеттигинин жогорку мектеби квалификациясын жогорулатуу тууралуу белгиленген үлгүдөгү сертификат берет, ошондой эле ар бир судьянын жана сот тутумунун кызматкеринин квалификациясын жогорулатуудан өтүүсүнүн жыйынтыгы жөнүндө Судьялардын кеңешине жана Жогорку сотко маалымат жиберет.

5.4. Кыргыз Республикасынын судьяларынын кызмат ордуна талапкерлерди окутуу Судьялардын кызмат ордуна талапкерлерди окутуу боюнча программага ылайык жүргүзүлөт.

5.5. Окуу процессинин сапатын контролдоо жана Сот адилеттигинин жогорку мектебинин окутуучулар курамынын эмгек акысынын ченемдерин бекитүү Судьялардын кеңеши тарабынан жүргүзүлөт.

5.6. Судьялардын жана сот тутумунун кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу тартиби жөнүндө жобо жана окуу программалары (стандарттары) Жогорку соттун төрагасынын макулдугу боюнча Судьялар кеңеши тарабынан бекитилет.

5.7. Интеллектуалдык менчик объекттерине укуктар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жөнгө салынат.

## VI. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин түзүмү

6.1. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин мамлекеттик кызматкерлеринин жана окутуучулар курамынын түзүмүн жана штаттык ырааттамасын, Жогорку соттун төрагасы тарабынан белгиленген чекте Сот адилеттигинин жогорку мектебинин мамлекеттик кызматкерлеринин жана окутуучулар курамынын жалпы штаттык санын Судьялардын кеңешинин макулдугу менен Сот адилеттигинин жогорку мектебинин директору бекитет.

6.2. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кичи тейлөө кызматкерлеринин жана техникалык персоналынын санынын чегин чыгымдар сметасынын чегинде Судьялардын кеңешинин макулдугу менен Сот адилеттигинин жогорку мектебинин директору аныктайт жана бекитет.

## VII. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин ишин уюштуруу

7.1. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин ишин жалпы жетектөөнү жана контролдоону Сот адилеттигинин жогорку мектебинин жетекчиси – директор ишке ашырат, ал Судьялардын кеңешинин макулдугу менен Жогорку соттун төрагасы тарабынан кызматка дайындалат жана кызматтан бошотулат.

7.2. Сот адилеттигинин жогорку мектеби өзүнүн ишинде Жогорку соттун төрагасына жана Судьялардын кеңешине отчет берет.

7.3. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин директору:

- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин ишин жетектейт;
- мыйзамдар менен каралган учурларда жана тартипте Сот адилеттигинин жогорку мектебинин компетенциясына кирген маселелер боюнча соттук өз алдынча башкаруу органдарынын, Судьяларды тандоо боюнча кеңештин отурумдарына, ошондой эле башка мамлекеттик жана башка органдардын, мекемелердин, уюмдардын иштерине катышат;
- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматкерлеринин кызматтык нускамаларын бекитет;
- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин ишин уюштурат жана камсыздайт;
- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматкерлеринин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын, ушул Уставды жана ички эмгек тартибинин эрежелерин сактоосун камсыздайт;
- Сот адилеттигинин жогорку мектебин каржылоо үчүн каралган акча каражаттарынын максаттуу колдонулушун камсыздайт;
- келишимдерди бекитет, ишеним каттарды берет, банктарда алыш-бериш жана башка эсептерди ачат, белгиленген тартипте каражаттарды башкаруу укугуна ээ;

- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин мамлекеттик кызматкерлерин жана башка кызматкерлерин, кичи тейлөө кызматкерлерин жана техникалык персоналды белгиленген тартипте кызматка дайындайт жана кызматтан бошотот;

- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматкерлерине класстык чен ыйгаруу, класстык ченден ажыратуу жана төмөндөтүү жөнүндө Жогорку соттун жана Сот адилеттигинин жогорку мектебинин мамлекеттик кызматкерлерине атайын класстык чен ыйгаруу боюнча комиссиясына белгиленген тартипте сунуш киргизет;

- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин мамлекеттик кызматкерлерине жана башка кызматкерлерине карата сыйлоо жана тартиптик жаза көрүү чараларын колдонот;

- өзүнүн компетенциясынын чегинде Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматкерлери аткарууга милдеттүү болгон буйруктарды чыгарат жана алардын аткарылышын контролдойт;

- бюджеттин тийиштүү бөлүгүн аткаруу жөнүндө жана Сот адилеттигинин жогорку мектебинин ишмердиги жөнүндө Судьялардын кеңешинин жана Жогорку соттун төрагасынын алдында жыл сайын отчет берет;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставга ылайык башка ыйгарым укуктарды аткарат.

7.4. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин директору төмөнкүлөр үчүн жеке жоопкерчилик тартат:

- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин ишин ушул Уставга ылайык жүргүзүү;

- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин карамагында турган мүлктүн сакталышын камсыздоо;

- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматкерлеринин өзүнүн кызматтык милдеттерин аткаруусу;

- Сот адилеттигинин жогорку мектебине жүктөлгөн башка функцияларды аткаруу.

7.5. Судьялардын кеңеши Сот адилеттигинин жогорку мектебинин жыл сайын берилүүчү отчетторунун жыйынтыгы боюнча Сот адилеттигинин жогорку мектебинин директорун кызматынан бошотуу жөнүндө сунуштама менен Жогорку соттун төрагасына кайрылууга укуктуу.

## VIII. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматкерлерин укуктук жана социалдык коргоо, алардын милдеттери жана жоопкерчилиги

8.1. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматкерлери мамлекеттик кызматкерлер болуп саналат, окутуучулар курамынан, техникалык тейлөө персоналынан жана кичи тейлөө персоналынан сырткары.

Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматкерлерин укуктук жана социалдык коргоо эмгек мыйзамдары, мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамдар, социалдык жана пенсиялык камсыздандыруу мыйзамдары жана башка ченемдик актылар менен жөнгө салынат.

8.2. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин кызматкерлеринин укугу, милдеттери жана жоопкерчилиги Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары, ушул Устав, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин директору тарабынан бекитилүүчү жоболор жана кызматтык нускамалар менен аныкталат.

8.3. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин мамлекеттик кызматкерлери жана башка кызматкерлери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, юридикалык жана жеке жактардын мыйзам менен корголуучу укуктарын жана кызыкчылыктарын бекем сактоого милдеттүү.

8.4. Мамлекеттик кызматкерлер жана окутуучулар курамы, ошондой эле кичи тейлөө кызматкерлери жана техникалык персонал өзүнүн милдеттерин аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген жоопкерчиликке тартылышат.

## IX. Ишмердикти финансылык жана материалдык-техникалык камсыздоо

9.1. Сот адилеттигинин жогорку мектебин каржылоо республикалык бюджеттин каражаттарынын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка каражаттардын эсебинен камсыздалат.

9.2. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин бюджетин түзүү Сот адилеттигинин жогорку мектеби тарабынан жүргүзүлөт жана Судьялар кеңеши тарабынан бекитилет.

9.3. Сот адилеттигинин жогорку мектеби финансы-чарбалык ишмердигин өз алдынча жүргүзөт, келишимдерди бекитет жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставга каршы келбеген башка иш-аракеттерди аткарат.

9.4. Сот адилеттигинин жогорку мектеби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ага бекитилип берилген мүлккө ээ болот, аны пайдаланат жана тескейт.

9.5. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин директору жана кызматкерлери Сот адилеттигинин жогорку мектебине зыян келтиргендиги үчүн Кыргыз Республикасынын азыркы мыйзамдарына ылайык материалдык жоопкерчилик тартышат.

## X. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин ишин токтотуу

10.1. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин иши ал кайра түзүлгөн же жоюлган учурда токтотулат. Сот адилеттигинин жогорку мектебин кайра түзүү же жоюу тууралуу чечимди Судьялардын кеңешинин макулдугу менен Жогорку соттун төрагасы кабыл алат.

10.2. Жоюлгандан кийин мүлк мыйзам менен белгиленген тартипте менчик ээсине өткөрүп берилет.

10.3. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин иши токтотулган учурда анын ишмердигинин жүрүшүндө пайда болгон документтер Кыргыз Республикасынын архивдик фонду жөнүндө мыйзамдарына ылайык сакталат жана колдонулат.

## XI. Уставга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тартиби

11.1. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин Уставы Судьялардын кеңешинин макулдугу менен Жогорку соттун төрагасы тарабынан бекитилет.

11.2. Ушул Уставга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү же аны жаңы редакцияда кабыл алуу Судьялардын кеңешинин макулдугу менен Жогорку соттун төрагасы тарабынан жургүзүлөт жана мыйзам менен белгиленген тартипте мамлекеттик кайра катталууга тийиш.